**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ЭҢИЛЧЕК**
**АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ЭНИЛЧЕКСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин XVIII чакырылышы
10 сессиясы

# Т О К Т О М

**2023-жылдын 25-июлундагы № 10** **Эңилчек айылы.**

## Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн пландык көрсөткүчтөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн пландык көрсөткүчтөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Айпиева Айдай Исмаиловнанын докладын, «Бюджет, финансы жана экономика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Б. Ногоевдин кошумча докладын угуп жана талкуулап, ошондой эле «2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө» мыйзамын жетекчиликке алып, Эңилчек айылдык аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2023-жылдын айылдык аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн 1.4.1.5.1.2.0.0. "Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйын" кодундагы салык эмес кирешенин пландык көрсөткүчү 3600,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

**2.** 2023-жылдын айылдык аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" 701 функциянын кодундагы айыл өкмөтүнүн аппаратынын:

- 3.1.1.1. статьясынын "Имараттар жана курулуштар" пландык көрсөткүчү 2400,0 миң сомго көбөйтүлсүн;
- 3.1.1.2. статьясынын "Машиналар жана жабдуулар" пландык көрсөткүчү 1200,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

**3.** Эңилчек айылдык аймагынын 2023-жылдын бюджеттин кирешелер жана чыгашалар пландык көрсөткүчтөрүн толук аткарууга багытталган иш чараларды регулярдуу түрдө ишке ашыруу жагы Эңилчек айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.А. Усубакуновго милдеттендирилсин.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Эңилчек айылдык аймагынын айылдык кеңешинин «Бюджет, финансы жана экономика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Б. Ногоевге тапшырылсын.

**Төрага** **А.У. Исмаилова**